Жеке адамдын «Азия Банкы» ЖАКта банктык тейленүүгө келишимин түзүүсүнө
АЧЫК ОФЕРТА (СУНУШ)

«Азия Банкы» ЖАКтын атынан, уставдын негизинде иш алып барган Банк Башкармасынын төрайымы З.А.Атакишиева ушул аркылуу жеке адамдарга (саны чектелбеген) төмөнкү шарттарда банктык тейленүүгө келишим түзүү сунушу менен кайрылат:

I. Жалпы жоболор

1.1. Бул оферта Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ачык сунуш болуп саналат жана кандай болбосун укуктарды алып жүрүүгө, иштөөгө жөндөмдүү жеке адамга (мындан ары текс боюнча – Кардарга) “Азия Банкы” жабык акционердик коомунун (мындан ары – Банк) шарттары ушул офертада камтылган банктык тейлөө келишимин түзүүгө (мыдан ары - келишим) сунушу болуп саналат.

1.2. Кардар, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын жана Банктын ички ченемдик документтеринин талабына ылайык эсеп ачууга белгиленген формадагы өтүнүч катка – анкетага кол койгон же Asia Online кызмат көрсөтүүсү аркылуу Офертаны толук жана шартсыз акцептегендигин билдирген электрондук буйрууну жөнөтүп, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 402-беренесине ылайык, ушул келишимдин бардык шарттарын, ошондой эле Банктын тарифтерин кабыл алган учурдан тартып, келишим түзүлгөн катары эсептилинет. Кардар келишимдин бардык шарттары менен таанышып чыккандыгын жана анда көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн Банк тарабынан сунушталышына макул экендигин тастыктайт. Кардар, Банктын www.bankasia.kg дареги боюнча расмий корпоративдик сайтында жарыяланган ушул келишимдин бардык шарттарына жана анын тиркемелерине ылайык иш алып барууга тийиш жана аларды аткарууга милдеттенет. Кардар келишимге сунушталган кийинки кандай болбосун өзгөртүүлөр жана толуктоолорду кошо алганда, анда каралган бардык укуктарды жана милдеттерди өзүнө алат.

1.3. Эсеп ачууга өтүнүч катка кол коюу - жеке адамдын “Азия Банкы” ЖАКта банктык тейленүүгө келишим түзүүгө ушул Офертаны толугу менен жана шартсыз акцептегендигин түшүндүрөт.

1.4. Бул Оферта күчүн жоготкон катары таанылганга же болбосо жаңысы жарыяланганга чейин колдонулат.

II. Офертада колдонулган түшүнүктөр жана терминдер (атоолор)

Банк – «Азия Банкы» жабык акционердик коому.

Банктык тейлөө келишими – Кардар менен Банк ортосунда түзүлгөн келишим, Кардарга эсеп ачуу, аны/Кардарды эсептешүү-кассалык тейлөөгө алуу, ошондой эле чогуу алганда ушул эрежелердин жыйндысын түшүндүргөндөр келишим предмети болуп саналат. Банк ушул келишимдин негизинде жана Кардардын өтүнүч каты боюнча эсептешүү эсебин ачып, ага интернет-банкинг системасынан пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Кардар –Офертага кошулган жеке адам.

Эсеп боюнча операциялар – акча каражаттарын эсепке чегерүү, которуу жана берүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана эрежелерде каралган эсеп боюнча башка операцияларды жүргүзүү.

Эрежелер – Кардар үчүн банктык эсептерди ачуу жана аны тейлөөгө алуу, Кардарды интернет-банкинг системасына туташтыруу тартибин, тараптардын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктаган эрежелер.

Эсептешүү-кассалык тейлөөгө алуу – Кардар эсебине келип түшкөн акча каражаттарын кабыл алуу жана эсептерге чегерүү, Кардар эсебине каражаттарды чегерүү жана аларды берүү жагында Кардардын буйрууларын аткаруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында жана эрежелерде каралган эсеп боюнча башка операцияларды жүргүзүү.

Тараптар – эрежелерде каралган тартипте келишим түзүлгөн учурдан тартып Банк жана Кардар.

Эсептешүү (күндөлүк) эсеп – бул, банктардан жана жеке ишкерлерден тышкары, юридикалык жактар тарабынан банктык эсеп келишими боюнча төлөм карттарын колдонуу менен эсептешүүлөрдү жүргүзүүнү (башка жеке адамдардан жана юридикалык жактардан акча каражаттарынын түшүүсү, төлөнүп берилиши, өз ара эсептешүүлөр, башка финансы-кредит уюмдарына – ФКУларга которуулар) кошо алганда, акча каражаттарынын сакталышы, күндөлүк эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн каралган эсеп.

Мөөнөттүү банктык аманат (депозит) эсеби – бул, жеке адамдар жана юридикалык жактар мөөнөттүү банктык аманат келишими боюнча ага белгилүү бир мезгил аралыгында чегерилген пайыздар боюнча киреше алып келүүсү үчүн акча каражатын салган эсеп.

Талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) эсеби - бул, жеке адамдар жана юридикалык жактар талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) келишими боюнча ага акча каражатын салып, топтоо үчүн колдонгон, ошондой эле төлөмдөрдү жүргүзүү жана эсептешүүлөр үчүн каралган эсеп.

Банктын тарифтери – Банк тарабынан Кардарга сунушталган кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө ченинин тизмегин камтыган бирдиктүү документ боюнча маалыматтар.

III. Эсептешүү эсепртерин ачуу жана аны тейлөө келишими

Бул документ (эрежелер) Ачык оферта болуп саналат. Кардар ушул Ачык оферта менен кылдат таанышып чыгып, ага толук кошулат.

1. Келишим предмети

1.1. Банк эсептешүү эсебин ачып, эсеп ээси - Кардар ачкан эсепке келип түшкөн акча каражаттарын кабыл алып жана аларды чегерүүгө, тиешелүү сумманы эсептен чегерүү жана берүү, эсеп боюнча башка операцияларды жүргүзүү боюнча Кардардын буйруусун аткарууга милдеттенет.

2. Жалпы жоболор

2.1. Банктык эсептерди ачуу, жүргүзүү жана жабуу иш процессин тескөөгө алган бул документте (эрежелерде) Кардардын эсептешүү эсебин ачуу, ал эсептер боюнча операцияларды жүргүзүү, эсептерди жабуу тартиби, келишим боюнча тараптардын укуктары жана милдеттери, ошондой эле Банктык тейлөө келишимин шарттарын аткаруу тартиби аныкталган.

2.2. Кардар үчүн эсептешүү эсебин ачууда талап кылынган документтер тизмеги Банктын (www.bankasia.kg) расмий сайтында жарыяланган.

2.3. Тараптар, Банк ушул эрежелерге жана/же тарифтерге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу экендигине макул болушту. Эрежелерге жана/же тарифтерге тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жана Банктын расмий сайтында аларды жайгаштыруу, сунушталган өзгөртүүлөр күчүнө киргенден кийинки 10 (он) календардык күндөн кечиктирилбестен жүргүзүлүүгө жана Банк ал өзгөртүүлөр тууралуу Кардарга маалымдоо милдеттенмесин талаптагыдай аткарууга тийиш. Эгерде Кардар эржелерге киргизилген өзгөртүүлөргө макул болбосо, анда ал тиешелүү келишимди токтотуу тууралуу кат жүзүндө өтүнүч менен Банкка кайрылып, тейлөө шартынан баш тартууга укуктуу.

2.4. Келишимди түзүү тараптардын укуктарынын жана милдеттенмелеринин, ошондой эле ушул эрежелерде камтылган жоопкерчиликтердин келип чыгышын шарттайт.

3. Эсептешүү эсебин ачуу жана жүргүзүү тартиби

3.1. Кардардын Банктын кеңселерине келип эсеп ачууга калтырган өтүнүч катынын негизинде же аралыктан идентификациялоо аркылуу Банк Кардарга эсептешүү эсебин ачат. Аралыктан идентификациялоо аркылуу эсеп ачуу учурунда Кардар эсебиндеги/эсептериндеги акча каражаттарын Банк тарабынан белгиленген лимиттердин чегинде тескөөгө ала алат.

3.2. Кардар сунушталган кызмат көрсөтүүлөрүнө Банк тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө, ушул келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган тарифтерине жана лимиттерине ылайык төлөп берүүгө тийиш.

3.3. Банк Кардардын өтүнүч каты боюнча ушул келишимдин негизинде талап боюнча төлөнүүчү банктык эсепти ачып, ошондой эле Кардарды интернет банкинг системасына туташтыра алат. Эсептерди аралыктан ачуу жана Кардар эсептерин интернет банкинг системасына аралыктан туруп туташтыруу учурунда Кардар белгиленген лимиттердин алкагында эсептерди өз алдынча ачуу мүмкүнчүлүгүнө да ээ болот.

3.4. Банк, ушул эрежелердин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Кардар өз эсебиндеги акча каражаттарын тоскоолдуксуз тескөөгө алуу укугуна ээ экендигине кепилдик берет.

3.5. Эсептеги акча каражаттарына арест (бөгөт) коюлуп жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзам талабына ылайык эсеп боюнча операциялар токтотулган шартта гана Кардарга эсептеги акча каражаттарын тескөөгө алууга чектөөлөр белгиленет. Мындай учурда Кардар эсебиндеги акча каражаттарын тескөө укугуна чектөөлөрдү белгилеген чечимдерди чыгарган тиешелүү органдар жоопкерчиликтүү болуп саналат.

4. Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:

4.1. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган операцияларды ишке ашыруу аркылуу Кардардын эсеп боюнча тапшырмасын өз учурунда жана туура аткарууга.

4.2. Банктык эрежелерде аныкталган мөөнөт ичинде же төлөм документи Банкка келип түшкөндөн кийинки банк күнүнөн кечиктирбестен акча каражаттарын эсептеп алып салууга тиешелүү Кардардын тапшырмасына ылайык эсептешүү операцияларын жүргүзүүгө. Төлөм тапшырмасы тариздетилген күн ичинде гана төлөөгө кабыл алынат.

4.3. Кардар эсебинен акча каражаттарын анын буйруусунун негизинде гана эсептеп алып салууга. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында же ушул келишимде каралган учурда гана Банк тарабынан Кардар эсебинен акча каражаттарын акцептсиз жана талашсыз тартипте эсептеп алып коюуга жол берилет.

4.4. Нак акчага айландыруу өтүнүчү келип түшкөндөн кийинки банк күнүнөн кечиктирбестен Кардар эсебиндеги каражат чегинде нак акча каражаттарын берүүгө.

4.5. Эсеп боюнча тиешелүү операция ишке ашырылгандан кийинки күнү эсептешүү эсеби боюнча көчүрмөнү Кардарга берүүгө.

4.6. Кардардын эсептешүү эсеби боюнча жүргүзүлгөн операциялар боюнча маалыматты купуя сактоого. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларды эске албаганда, Кардардын макулдугусуз келишим боюнча маалыматтарды кимдир-бирөөгө берүүгө/ачыкка чыгарууга жол берилбейт.

4.7. Эсептешүүлөр маселеси, документтер менен иш алып баруу эрежелери жана эсептешүү-кассалык тейлөө ишине түздөн-түз тиешелүү болгон башка маселелер боюнча Кардарга кеп-кеңештерди берүүгө.

5. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:

5.1. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул эрежелерде жана келишимдерде каралган учурларда жана Кардар ишке ашырылып жаткан операциялар боюнча реквизиттерди туура эмес/толук эмес көрсөткөн, операцияларды ишке ашыруу мөөнөттөрүн так сактабаган, төлөм документи жана алардын формалары мыйзамдарда белгиленген талаптарга жооп бербеген же болбосо Кардар эсебиндеги/эсептериндеги каражат ишке ашырылган операциялар үчүн Банкка сыйакы төлөп берүү үчүн жетишсиз болсо, ошондой эле Банкка көз каранды болбогон башка бир техникалык себептерге байланыштуу операцияларды ишке ашыруу мүмкүн эмес болгон жагдайлар келип чыккан шартта гана эсеп же аманаттар боюнча эсептешүү-кассалык операцияларды жүргүзүүдөн баш тартылышы мүмкүн.

5.2. Эсептешүү-кассалык документтерди талаптагыдай тариздетүүдөн баш тартылган учурда операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга.

5.3. Кардар эсебине акча каражаттары жаңылыш чегерилип кеткен шартта, аларды акцептсиз тартипте эсептеп кармап калууга.

5.4. Эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча сунушталган кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер тизмегин жана өлчөмүн, ошондой эле Банктын иш тартибин бир тараптуу негизде өзгөртүүгө.

5.5. Кардардын банктык эсебиндеги акча каражаттарын пайдаланууга.

5.6. Кардардын Банктагы эсебинен/эсептеринен төлөө мөөнөтү келип жеткен учурда же болбосо карыз келип чыккан шартта, анын кандай болбосун карызын, анын ичинде чет өлкө валютасындагы карызын Банктын ошол учурга карата курсу боюнча Кардардын буйруусуз эле (акцептсиз тартипте) эсептеп кармап калууга.

5.7. Эгерде акыркы 20 (жыйырма) ай ичинде эсептешүү эсеби боюнча операция ишке ашырылбаган болсо, эсеп ээсине акыркы маалым болгон дареги

жана/же түздөн-түз телефон аркылуу же болбосо эсеп жабылганга чейинки 30 (отуз) күн ичинде Кардардын мобилдик номерине/электрондук почта дарегине милдеттүү түрдө маалымат жөнөтүү аркылуу келишимди бир тараптуу негизде жокко чыгарып, эсепти жабууга.

5.8. Кыргыз Республикасында террористтик иш аракеттерди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү (ПФТД/ЛПД) боюнча мыйзам талаптарынын так саталышы жагында жүргүзүлүп жаткан иштин алкагында өткөрүлгөн банктык төлөмдөр боюнча документтердин берилишине тиешелүү маалыматтар өз учурунда берилбеген шартта, Кардар менен жөнгө салынган иштиктүү мамилени токтотуп, бул келишимди жокко чыгарууга.

6. Кардар төмөнкүлөргө милдеттенет:

6.1. Банктык эсептешүү-кассалык операцияларды ишке ашыруу боюнча эрежелерин так сактоого.

6.2. Банк сунуштаган кызмат көрсөтүүлөргө белгиленген тарифтерге ылайык төлөп берүүгө.

6.3. Акча каражаты жаңылыш чегерилип же кармалып калган шартта, туура эмес ишке ашырылган операциялар тууралуу Банкка дароо маалымдап, эсеп боюнча көчүрмө алгандан кийинки 3 (үч) жумуш күнүнөн кечиктирбестен тиешелүү акча каражатын эсепке кайтарып жиберүүгө. Белгиленген мөөнөттөрдү бузууга жол берген шартта, жаңылыш чегерилген суммадан 0,5% өлчөмүндө туумду Банкка төлөп берүүгө.

6.4. Эсеп боюнча документтерди (төлөм тапшырмасын/которууга өтүнүч катты, конвертирлөөгө өтүнүч катты, каттарды, көчүрмөлөрдү, маалым каттарды) ишеним каттын негизинде алууга жана берүүгө ыйгарым укуктуу жактардын тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизгендиги тууралуу Банкка 3 (үч) күн ичинде маалымдап, алардын документ жүзүндөгү тастыктоолорун жөнөтүүгө.

6.5. Банктык операцияларды ишке ашуурда Кыргыз Республикасынын террористтик иш аракеттерди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү мыйзам талаптарын так сактоого.

7. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:

7.1. Өзүнүн эсептешүү эсебинде сакталып турган акча каражаттарын бекитилген банктык эрежелерге ылайык өз алдынча сарптоого.

7.2. Эсептешүү-кассалык тейлөө жагында Банкка тапшырма берүүгө. Эсептешүү эсебинин абалы жана анда канча каражат сакталып тургандыгы тууралуу маалымкат алууга. Эсеп боюнча көчүрмөлөрдү, андагы акча каражаттарынын жылышы боюнча маалымаатты талап кылып, алууга.

8. Тараптардын жоопкерчилиги:

8.1. Тараптар ушул келишимде белгиленген шарттарды бузууга жол бергендиги үчүн Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопркечилик тартат.

8.2. Эгерде бул, Банкка жалган төлөм документин сунуштоо же төлөм документин туура эмес тариздетүү же болбосо Банктын эркине көз карандысыз келип чыккан башка жагдайлардын кесепетинен улам төлөм мөөнөттөрүнүн бузууга жол берилиши жана Кардар өтүнүчүнүн талаптагыдай аткарылбай калышы үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

8.3. Банк төмөнкүлөр боюнча жоопкерчилик тартпайт:

- Кардардын жабдууларынын, программалык камсыздоолорунун, байланыш каналдарынын жана үчүнчү тарап (интернет провайдерлери ж.б.) тарабынан камсыз кылынган байланыш каражаттары жана кызмат көрсөтүүлөрдүн коопсуздугу жана/же алардын оң абалда эместиги үчүн;
- Кардар тарабынан коопсуздук жана купуялуулук чараларынын, ошондой эле интернет банкингди пайдалануу эрежелеринин так сакталбагандыгы же талаптагыдай аткарылбагандыгы үчүн;
- тиешелүү маалымат Кардардын өтүнүч катында көрсөткөн электрондук дарекке, мобилдик телефонго жөнөтүлгөн болсо, ошондой эле Банкка кат жүзүндө маалымдоосуз эле Кардардын ал аркылуу маалымат келип түшүүчү электрондук дарегин жана мобилдик телефон номерин өзгөртүшүнөн улам, тиешелүү маалыматтын аны алууга ыйгарым укугу жок жактардын колуна түшүп калышы үчүн;
- Кайсыл бир үчүнчү жактын иш-аракетинен улам же реквизиттерди сунуштоодо/толтурууда Кардардын катага жол бериши кесепетинен, анын ичинде акча каражатына убактылуу бөгөт коюлушунан Кардардын акча каражаттары менен операциялардын (бүтүмдөрдүн) токтотулушуна же эл аралык уюмдар, чет мамлекеттер жана/же мамлекеттик эмес уюмдар тарабынан банк-корреспонденттердин эсептеринин бирине же болбосо каражат алуучу Кардардын же каражат жөнөткөн Кардардын өзүнө карата санкцияларды колдонуу чечими (токтому, буйруулары ж.б.) кабыл алынышынан улам, милдеттенмелердин аткарылбай калышы үчүн.

8.4. Ушул эрежелерде жана келишимдерде каралбай калган бардык жагдайларда тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык иш алып барууга/жооп берүүгө тийиш. Колдонуудагы мыйзамдарга, ушул эрежелердин жана келишимдин шарттарын өзгөртүүгө алып келген толуктоолор/өзгөртүүлөр киргизилген учурда тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген келишимдерге таянуу менен иш алып барууга тийиш.

9. Башка шарттар

9.1. Эсептешүү-кассалык тейлөө ишине тиешелүү болбогон башка кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо Банк, Кардар менен түзүлгөн өзүнчө келишимдерге таянат.

9.2. Ушул келишим талабын аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан талаш маселелер жана пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөр жолу менен чечилүүгө тийиш. Эгерде орун алган талаш маселе, пикир келишпестиктер боюнча макулдашууга/келишүүгө жетишилбесе, ал маселе Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте чечилиши зарыл.

9.3. Кардар ушул келишимге кол коюу менен Банкта белгиленген тарифтерге, эсептешүү эсебин жүргүзүү эрежелери жана жол-жоболору менен кылдат таанышып чыккандыгын жана алардын талаптарын так сактап, аткарууга милдеттенет.

9.4. Келишимге карата бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор тараптардын өз ара макулдашуусуна ылайык, кат жүзүндө тариздетилүүгө тийиш.

9.5. Кардар ушул эрежелерде каралган тартипте офертаны тастыктаган (акцептеген) учурдан тартып, бул келишим түзүлгөн катары эсептелинет жана мөөнөтсүз шартта колдонулууга тийиш.

IV. Мөөнөттүү банктык аманатты ачуу жана тейлөө келишими

Бул документ (эрежелер) Ачык оферта болуп саналат. Кардар ушул Ачык оферта менен кылдат таанышып чыгып, ага толук кошулат.

1. Келишим предмети

1.1. Банк Кардар үчүн _____ мөөнөткө сактап туруу жана андан киреше алуу максатында жылдык _____% алдында “Азий-Онлайн” мөөнөтүү депозит эсебин (мынданы ары – депозит же бавнктык аманат) ачат.

2. Жалпы жоболор

2.1. Депозит ушул келишимде аныкталган идентификациялоо жана аутентификациялоо каражаттарын колдонуу менен же болбосо Кардардын Банктын бөлүмдөрүнө түздөн-түз келип, кайрылуусу аркылуу “Азий-Онлайн” кызмат көрсөтүүсүнө ылайык тариздетилген депозит ачууга Кардардын электрондук буйруусунун негизинде, аралыктан туруп ишке ашырылат.

2.2. Депозит эсеби Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына (мындан ары - мыйзамдарга), депозит шарттарына жана Банктын www.bankasia.kg расмий сайтында жайгашылган тарифтерине ылайык тейлөөгө алшынат.

2.3. Банк, депозит ачууга электрондук/кат жүзүндөгү буйруунун негизинде Кардарга мөөнөттүү депозит эсебин ачып, Кардардан акча каражаттарын (депозитти) кабыл алып, депозит суммасын кайтарып берүүгө жана ушул келишимде каралган тартипте берилген тиешелүү өтүнүч катка ылайык, пайыздарды төлөп берүүгө милдеттенет.

2.4. Кардардын “Азий-Онлайн” мобилдик тиркемесинде макулдашылган шарттарда депозит ачууга буйруусу, тиешелүү суммадагы акча каражаттынын амантка жайгаштырылгандыгынын тастыктоосунан болуп саналат. Кардар бул учурда Банк менен мөөнөттүү депозит келишимин түзүүгө макул болот жана аны тастыктайт. Ушунун өзү кат жүзүндөгү келишимдей эле каралууга тийиш.

3. Эсептердин иштөө ыргагы

3.1. Ачылган эсеп акча каражаттарын сактоо үчүн колдонулат, бирок үчүнчү жактар менен эсептешүүлөр үчүн каралган эмес.

3.2. Аманат эсеби боюнча кошумча каражат салып, андан бөлүп алууга жол берилбейт.

3.3. Тиешелүү акча каражаты Банктагы эсепке салынгандан кийинки күндөн тартып, аманат суммасына пайыздар чегериле баштайт жана аманатчыга каражат суммасы кайтарылып берилген же болбосо амантчынын эсебинен тиешелүү каражат эсептеп алынып коюлганга чейинки күн менен жыйынтыкталат.

3.4. Пайыздар аманатчынын эсептешүү же карт эсебине чегерүү аркылуу, ай бүткөндөн кийинки күнү Банктын тарифтерине ылайык которуу же кассадан накталай төлөп берүү үчүн комиссиялык төлөмдү караштыруу менен төлөнүп берилет.

3.5. Аманат салынган бүтүндөй мөөнөт үчүн киреше пайызынын өлчөмү, жайгаштыруу мөөнөтү жана белгиленген пайздык чен аркылуу аныкталат.

3.6. Эсептешүү ай ичиндеги 30 күн, жыл ичинде 360 күнгө барабар жыл менен эсептелинет.

3.7. Эгерде мөөнөттүү аманат суммасы келишим мөөнөтү бүткөнгө чейин эле аманатчынын талабы боюнча кайтарылып берилген шартта, аманат суммасы жана ага чегирилген пайыздык кирешелер, тиешелүү сумма аманатчыга кайтарылып берилгенден кийинки 3 (үч) банк күнү ичинде төлөнөт. Мында, пайыздык кирешелер төмөнкү схема боюнча кайрадан эсептелинип чыгат жана төлөнүп берилет.

3.7.1. Аманат суммасын алган күнү каражаттын эсепте жайгаштырылгандыгына 6 (алты) ай толгон же андан көп убакыт болгон болсо, пайыздык кирешелер чегерилген сумманын 50% өлчөмүндө төлөнөт.

3.7.2. Аманат суммасын алган күнү каражаттын эсепте жайгаштырылгандыгына 6 (алты) ай толо элек болсо, ал боюнча пайыздык кирешелер төлөнүп берилбейт. Мындай учурда мөөнөттүү аманат боюнча буга чейин төлөнүп берилген пайыздар аманаттын негизги суммасынан кармалып калууга тийиш.

3.8. Келишим мөөнөтү бүткөндөн кийин да аманат сакталып калган шартта, ага пайыздар чегерилбейт.

4. Аманатчы төмөнкүлөргө милдеттенет:

4.1. Жашаган/катталган жеринин дареги, телефон номерлери жана электрондук дареги өзгөргөн шартта, ал тууралуу 3 (үч) жумуш күнү ичинде кат жүзүндө Банкка билдирүүгө. Эгерде бул талап аткарылбаса, Банкка маалым болгон дареги боюнча же байланыш маалыматтарына ылайык жөнөтүлгөн кат-кабарлар талаптагыдай негизде Кардарга жөнөтүлгөн/ага тапшырылган/Кардар аларды алган катары эсептелинет.

4.2. Аманат суммасын жана/же ага чегерилген пайыздарды алууда инсандыкты тастыктаган документти (паспортту) көрсөтүү талап кылынат.

5. Аманатчы төмөнкүлөргө укуктуу:

5.1. Келишимде көрсөтүлгөн аманат суммасын жана келишим шарттарына ылайык ага чегерилген пайыздарды алууга.

5.2. Мөөнөттүү аманат боюнча толук маалыматты алууга.

5.3. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык аманат суммасын жана ага чегерилген пайыздарды алууну мураска калтырууга, аны тескөөгө алууга ишеним кат берүүгө.

5.4. Аманатчы сактоо мөөнөтү бүткөндөн кийин аманаттын ошол түрү боюнча белгиленген шарттарды колдонуу менен аны/аманат суммасын жаңы мөөнөткө кайра тариздетүү укугуна ээ.

6. Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:

6.1. Талаптарга ылайык тиешелүү документтер берилгенден кийин аманат суммасынын сакталып туруусу үчүн аманатчыга эсеп ачууга.

6.2. Аманат суммасынын сакталып турушун камсыз кылууга жана ал боюнча кирешени ушул келишим талабына ылайык толук көлөмдө төлөп берүүгө.

6.3. Банктык аманат купуялуулугун ишенимдүү сактоого. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларды эске албаганда, аманатчынын макулдугусуз ушул келишим боюнча маалыматтарды кимдир-бирөөгө берүүгө/сунуштоого жол берилбейт.

7. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:

7.1. Келишим колдонулган мөөнөт ичинде аманатчынын акча каражаттарын өз ыңгайына жараша тескөгө алууга.

7.2. Аманатчынын эсебинен колдонуудагы тарифтерге ылайык, акцептсиз тартипте комиссиялык төлөмдү эсептеп, кармап калууга

8. Корутунду жоболор (шарттар)

8.1. Кардар ушул эрежелерде каралган тартипте офертаны тастыктаган (акцептеген) учурдан тартып, келишим түзүлгөн катары эсептелинет жана мөөнөтсүз шартта колдонулууга тийиш.

V. Аралыктан банктык тейлөө (Интернет/Мобилдик банкинг)

1. Келишим предмети

1.1. Банк тарабынан ушул келишимде, Эсептешүү эсептерин ачуу жана аны тейлөө келишиминде, Мөөнөттүү банктык аманат ачуу жана тейлөө келишиминде каралган шарттарда Кардарды мобилдик банкинг системасында тейлөөгө алуу жагында кызмат көрсөтүүнү сунуштоо – ушул келишим предметинен болуп саналат.

1.2. Банкта эсеп ачып, аны менен ушул келишимди жана Банктык эсеп келишимин түзгөн Кардарга Банк анын мобилдик банкинг системасында банктык операцияларды жүргүзүүнү тастыктаган өтүнүч катында көрсөтүлгөн телефон номерине/электрондук почта дарегине логинди жана паролду (мындан ары – кодду жөнөтүүгө жана/же өзгөчөлөнгөн бир жолку паролду (One Time Password (бир жолку пароль) мындан ары - OTP) (кирүү коддору деп аталуучуларды) алууга ага мүмкүнчүлүк берет.

2. Мобилдик банкинг системасында тейлөө шарттары

2.1. Кардарга мобилдик банкинг системасында тейленүү мүмкүнчүлүгү интернет түйүнү аркылуу, аралыктан сунушталат.

2.2. Банк Кардардын мобилдик-банкинг системасы аркылуу жөнөткөн тапшыруусу боюнча банктык операцияларды ишке ашырат.

2.3. Кардар ушул келишимди түзгөн/ага келишилгенден кийин гана мобилдик-банкинг системасында банктык тейленүү укугуна ээ болот.

2.4. Кардар мобилдик-банккинг кызмат көрсөтүүсүнө туташуу учурунда телефон байланышы аркылуу маалымат алуу үчүн код катары белгиленген сөздү өтүнүч катта көрсөтүүгө тийиш.

2.5. Кардар, операция ишке ашырылган учурга карата Банктын колдонулуп жаткан тарифтерине ылайык, мобилдик-банкинг системасы аркылуу сунушталган кызмат көрсөтүүлөр үчүн комиссиялык төлөмдү төлөп берүүгө тийиш.

2.6. Системага кирүүгө мүмкүнчүлүк берген коддор Кардардын Кыргыз Республикасынын “Электрондук төлөмдөр жөнүндө” жана “Электрондук санариптик колтамга тууралуу” мыйзамдары аркылуу жөнгө салынган электрондук-санариптик кол тамагасы болуп саналат жана Кардардын өздүк кол тамгасындай эле таанылып, Кардардын өтүнүч катына ылайык тастыкталат.

2.7. Кардарга же анын өтүнүч катынын негизинде ыйгарым укуктуу жактарга системага кирүүнүн өзгөчөлөнгөн уникалдуу коду, ушул келишим түзүлгөндөн кийин гана берилет.

2.8. Кардардын каттоодон өткөн кирүү коддорун колдонуу менен анын эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүгө тапшырмасы Кардардын өзүнөн демилгеленген, ыйгарым укуктуу жактар тарабынан түзүлгөн жана юридикалык жак тарабынан толугу менен өзгөртүүлөрсүз каралып, Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык тариздетилген кат жүзүндөгү буйруусундай эле кабыл алынат.

2.9. Тараптар, Банк тарабынан берилген эсеп боюнча көчүрмө Кардардын эсептешүү эсеби боюнча банктык операцияларды жүзөгө ашыргандыгын тастыктаган документ болуп санала тургандыгына келишишти.

2.10. Кардар системага кирүүгө мүмкүнчүлүк берген өзүнүн техникалык каражаттарын, системага кирүү коддорун өз алдынча коргоону камсыз кылып, аларга санкциясыз кирүү, коддорду бузуп кирүү, алдамчылыкка баруу, интернет түйүнүнөн хакердик, вирустук чабуулдардын кесепетинен келип чыгышы ыктымал болгон бардык тобокелдиктерди өзүнө алат.

2.11. Тараптар, электрондук документтер системасында көрсөтүлгөн Башкек убактысын мобилдик банкинг жана интернет банкинг системасында иш алып баруунун бирдиктүү убактысы катары таанышат.

2.12. Банк мобилдик банкинг системасында тейлөө ишинин алкагында Кардарга төмөнкүлөрдү ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет:

- Банктын бир филиалында ачылган эсептер ортосунда которууларды чектөөсүз ишке ашыруу;
- Банктын ар кайсы филиалында ачылган эсептер ортосунда чектоосүз которууларды жүргүзүү;
- Пакеттик клиринг системасы боюнча улуттук валютада банктар аралык которууларды саат 8:30дан 11:30ге чейин ишке ашыруу;
- Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросс системасы боюнча улуттук валютада банктар аралык которууларды саат 09:00дөн 15:30га чейин жүргүзүү;
- SWIFT системасы боюнча банктар аралык которууларды саат 08:30дан 15:30га чейин жүргүзүү;
- Банктын дилери тарабынан Кардар үчүн белгиленген курс боюнча конверсиялык бүтүмдөр, ошол валюталоо күнү саат 08:30дан 16:00гө чейин жүргүзүү.

Кардар тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн убакыттан кийин тариздетилген операциялар кийинки жумуш күнү кабыл алынат;

Ушул келишимдин 2.12-пунктунда көрсөтүлгөн убакыт аралыгындагы операциялар Банк тарабынан түзүлгөндөн кийинки 30 (отуз) мүнөт ичинде иштелип чыгууга тийиш. Ал эми 2.12-пунктта көрсөтүлгөн убакыттан кийин ишке ашырылган операциялар Банк тарабынан кийинки жумуш күнү, саат 09:00гө чейин иштелип чыгат.

2.13. Ушул келишимдин 2.12-пунктунда көрсөтүлгөн убакыт аралыгында кийинки валюталоо күнү менен операцияларды жүргүзүүдө тиешелүү суммадагы акча каражаты Кардар эсебинен операция жүргүзүлгөн жумуш күнү эсептен алынып, валюталоо күнү келип жеткен шартта алуучунун эсебине чегерилет. Ушул операцияны жүргүзүү үчүн комиссиялык төлөм, операция ишке ашырылган күнү колдонулуп жаткан тарифтерге ылайык ошол учурда кармалып калат.

2.14. Ушул келишимдин 2.12-пунктунда көрсөтүлгөн убакыттан кийин кийинки/келечектеги валюталоо күнү менен операцияларды жүргүзүүдө Кардар эсебинен тиешелүү каражат суммасы кийинки жумуш күнү эсептен алынып, валюталоо күнү келип жеткен шартта алуучунун эсебине чегерилет. Операцияны жүргүзүү үчүн комиссиялык төлөм операция ишке ашырылган күнү колдонулуп жаткан тарифтерге ылайык, ошол учурда кармалып калат.

2.15. Банк тарабынан кийинки/келечектеги валюталоо күнү менен ишке ашырылуучу операцияларды алып салуу/токтотуу валюталоо күнүнө чейинки бир жумуш күнүнөн кечиктирбестен, Кардардан келип түшкөн өтүнүч катка ылайык ишке ашырылат.

3. Тараптардын укуктары жана милдеттери

3.1. ***Банк төмөнкүлөргө милеттенет:***

3.1.1. Келишим талабына ылайык Кардарды мобилдик банкинг системасында банктык тейлөөнү жүзөгө ашырууга;

3.1.2. Банктын www.bankasia.kg дареги боюнча жайгашкан расмий сайтында тиешелүү маалыматты жарыялоо же Кардардын мобилдик банкинг системасына туташууга берген өтүнүч катында көрсөткөн телефон номерине СМС билдирүү жөнөтүү аркылуу, алдын-алуу жана техникалык иштер жүргүзүлө тургандыгы тууралуу ага өз учурунда маалымдоого;

3.1.3. Кардардын талабы боюнча ага банктык эсептеги акча каражаттарынын жылышы жана калдыгы боюнча көчүрмө берүүгө;

3.1.4. Келишим шарттары өзгөргөн учурда Банктын www.bankasia.kg расмий сайтында тиешелүү маалымат жайгаштыруу менен же Кардардын телефон номерине СМС билдирүү жөнөтүү аркылуу ага ал тууралуу маалымдоого;

3.1.5. Мобилдик банкинг системасын колдонуу процессинде кандайдыр бир техникалык проблемалар келип чыккан шартта, системанын кадимки ыргакта иштөөсүн камсыз кылып, алгылыктуу мөөнөт ичинде орун алган

проблеманы четтетүү жагында бардык зарыл чараларды көрүп, ал тууралуу Банктын www.bankasia.kg расмиий сайтында тиешелүү маалыматты жарыялоо аркылуу Кардарга маалымдоого;

3.1.6. Ушул келишимдин 1.12-пунктунда каралган мөөнөттөрдө жана шарттарда, мобилдик банкинг системасы аркылуу жөнөтүлгөн акча каражаттарын которууга тиешелүү Кардардын буйруу-талабын аткарууга.

3.1.7. Кардарга тиешелүү маалыматтардын, анын эсептери боюнча жүргүзүлгөн операцияларга тиешелүү маалыматтардын купуя сакталышын камсыз кылууга. Эсеп боюнча маалыматтар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда гана сот, укук коргоо органдарына жана үчүнчү жактарга берилиши/жөнөтүлүшү мүмкүн.

3.1.8. Ушул келишмдин 3.3.5-пунктчасына ылайык тиешелүү талапты алган учурда Кардардын мобилдик банкинг системасына кирүү мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюуга;

3.1.9. Келишимдин 3.3.5-пунктчасында каралган жагдайлар орун алган шартта, Кардардын өтүнүч катынын негизинде ага мобилдик банкинг системасына кирүүгө мүмкүнчүлүк берилген жаңы коддорду берүүгө.

3.1.10. Өзүнүн www.bankasia.kg дареги боюнча жайгашкан расмий сайтына тиешелүү маалыматты жарыялоо аркылуу банк-корреспонденттери каттоодон өткөн өлкөлөрдө жумушэмес (майрам) күндөрү тууралуу Кардарга билдирип турууга.

3.2. ***Банк төмөнкүлөргө укуктуу:***

3.2.1. Өзүнүн www.bankasia.kg дареги боюнча жайгашкан расмий сайтына тиешелүү маалыматты жарыялоо аркылуу мобилдик банкинг системасында тейлөөгө алуу тарифтерин бир тараптуу негизде өзгөртүүгө.

3.2.2. Кардардын Банкта ачылган кайсыл болбосун эсебинен тиешелүү комиссиялык төлөм суммасын акцептсиз тартипте эсептеп, кармап калууга.

3.2.3. Кардар жүзөгө ашырып жаткан операциялардын реквизиттерин толук эмес (туура эмес) көрсөткөн, операцияларды ишке ашыруу мөөнөттөрүн так сактабаган жана жүргүзүп жаткан операциялар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына шайкеш келбей калган учурларда, ошондой эле операцияна ишке ашыруу же банктын комиссиялык төлөмүн төлөө үчүн Кардар эсебинде акча каражаты жетишсиз болуп калган учурда мобилдик банкинг системасында операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга.

3.2.4. Операцияны ишке ашырууну алдын-ала токтотуп коюу менен мобилдик банкинг системасында аткарылып жаткан операциялар боюнча кошумча тастыктоочу документтерди Кардардан талап кылууга.

3.2.5. Эгерде, Банктын пикири боюнча мобилдик банкинг системасында каралган коопсуздук талаптарын бузууга жол берилип же ага кандайдыр бир

аракеттер көрүлгөн учурда, орун алган жагдай толук териштирилгенге чейин мобилдик банкинг системасына кирүү мүмкүнчүлүгүн берген коддорго бөгөт коюуга.

3.2.6. Логинди, паролду үч жолу туура эмес киргизүү коопсуздук системасын бузуу катары каралып, натыйжада Банк Кардардын системага кирүү мүмкүнчүлүгүнө бөгөт коюуга укуктуу.

3.2.7. Мобилдик банкинг системасынын программалык камсыздоосун жаңылап, зарылчылык келип чыккан шартта ал тууралуу www.bankasia.kg; расмиий сайтына тиешелүү маалыматты жарыялоо аркылуу Кардарга алдын-ала маалымдап, мобилдик банкинг системасында ишти токтотууга.

3.2.8. Төмөнкү учурларда Кардардын логинин жокко чыгарып, мобилдик банкинг системасына кирүү мүмкүнчүлүгүн убактылуу токтотууга:

* Ушул келишимде каралган учурларда жана анда белгиленген тартипте Кардардын кат жүзүндө өтүнүчүнүн негизинде;
* Кардардын банк эсебине Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык бөгөт (арест) коюлган шартта;
* Кардардын бардык банктык эсептери жабылган учурда;
* Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка учурларда.

3.3. ***Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү***:

3.1.1. Мобилдик банкинг системасында тейлөөгө байланыштуу Банк тарабынан белгиленген бардык талаптарды аткарууга;

3.1.2. Банктын www.bankasia.kg, адареги боюнча расмий сайтында жайгаштырылган «Иш ыргагы жөнүндө» нускоодо чагылдырылган талаптарга таянуу менен иш алып барууга, ошондой эле:

- электрондук операцияларга тиешелүү маалыматтарды сактоого, мында операциялар таржымалына мезгил-мезгили менен көз жүгүртүп, текшерүүгө жана жол берилген каталарды же эсеп боюнча авторизацияланган операцияларды аныктоо үчүн көчүрмөлөрдү алууга;
- эсептерди авторизацияланбаган шартта пайдалануу же операцияларды жүргүзүүгө тиешелүү кандай болбосун бардык учурда аралыктан банктык төлөм кызмат көрсөтүүсүн сунуштоочуга ал жагдай тууралуу дароо маалымдоого;
- электрондук операцияларды ишке ашыргандан кийин системадан дароо чыгып кетүүгө;
- мобилдик жабдуулардын, мобилдик тиркемелердин, логиндин жана мобилдик банкинг тиркемесинде Кардар колдонгон паролдун жана пин-коддордун купуя сакталышын камсыз кылууга;

3.1.3. Банктын мобилдик банкинг системасында тейлөөгө алуу жагындагы кызматына анын колдонуудагы тарифтерине ылайык төлөп берүүгө.

3.1.4. Мобилдик тиркемеге кирүү мүмкүнчүлүгүн берген коддорду (логин, пароль, пин-код) үчүнчү жактардан купуя сактоого жана Кардар эсебине кайсыл бир үчүнчү жактын санкциясыз кириши кесепетинен келип чыккан алгылыксыз жагдайлар үчүн толук жоопкерчилик тартууга:

- логинди, паролду жана жеке идентификациялык номерди, өзү колдонгон компьютерде, мобилдик телефондо жана башка жабдууларда же коргоого алынбаган маалымат сактоочу жабдууларда сактабоого;

- кодду, паролду жана жеке идентификациялык номерди мезгил-мезгили менен өзгөртүп турууга, ишенимдүү деңгээлде корголбогон паролду колдонбоого.

3.1.5. Уникалдуу код келип түшкөн мобилдик телефон же башка жабдууну жоготуап лаган (уурдатып жиберген) учурда же болбосо санкцияланбаган Кардар тарабынан мобилдик банкинг системасын колдонуу аркылуу Кардардын эсеби боюнча операцияларды жүргүзгөндүгү жагдайы аныкталган шартта дароо Банкка кайрылууга. Эгерде телефон байланышы аркылуу кайрыла турган болсо, анда Кардар код катары белгиленген сөздү айтуу менен 5 (беш) жумуш күнү ичинде мөөр басылып, кол коюлган кат жүзүндөгү тастыктоону жөнөтүүгө.

3.1.6. Мобилдик банкинг системасында тариздетилген бардык банктык реквизиттерди, төлөм багыттарын жана башка шарттарды талапка ылайык толтурулгандыгын текшерүүгө.

3.1.7. Банктын талабы боюнча ишке ашырылган операцияларга тиешелүү талап кылынган документтерди ага берүүгө жана сунушталган документтердин толуктугу жана тактыгы үчүн доопкерчилик тартууга.

3.1.8. Мобилдик банкинг системасындагы иш процессинде кандайдыр бир техникалык проблемалар/көйгөйлөр келип чыккан шартта, ал тууралуу дароо Банкка маалымдап, техникалык мүчүлүштүктөр четтетилип жаткан мезгил ичинде Банкка жеткирилип келинген кагаз жүзүндөгү тапшырманын негизинде операцияларды жүргүзүп, орун алган жагдай толук четтетилгенге тчейин системада эч кандай операцияларды ишке ашырбоого. Бул талапттарды аткарбай койгон шартта, төлөм документтеринин өз учурунда иштелип чыкпагандыгынан улам келип чыккан кесепеттер үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

3.1.9. Кыргыз Республикасынын террористтик иш аракеттерди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (изин жашырууга) каршы аракеттенүү жагындагы мыйзам талаптарын так сактоого.

3.1.10. Банктан программалык камсыздоону алмаштыруу зарылчылыгы тууралуу билдирме келип түшкөн шартта мобилдик банкинг системасынын Кардарлар үчүн каралган мобулу программасынын жаңы

версиясын өз учурунда алуу жана аны орнотуп, ишке багыттоо жагында тиешелүү аракеттерди көрүү.

3.1.11. Мобилдик тиркемени алгач жөнгө салган шартта Банктан алынган логинди жана паролду колдонуу менен каттоо жол-жобосунан өтүүгө. Зарылчылык келип чыккан шартта паролду жаңысына алмаштырып, системага кирүү үчүн ПИН-кодду терүүгө.

3.4. *Кардар төмөнкүлөргө укуктуу*:

3.4.1. Мобилдик банкинг системасынын кызмат көрсөтүүлөр топтомунан ушул келишимде каралган шарттарда толук пайдалануу;

3.4.2. Ушул келишимде каралган тартипте системага кирүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн коддорго бөгөт коюу боюнча Банкка буйруу жөнөтүүгө;

3.4.3. Мобилдик банкинг системасынын паролун мезгил-мезгили менен өзгөртүп турууга. Бул учурда Банк паролдун кайсыл учурда өзгөртүлгөндүгүнө көз салып турууга милдеттүү эмес.

3.4.4. Эсептер боюнча маалымат алып турууга;

3.4.5. Мобилдик банкинг системасы аркылуу ишке ашырылган операциялар боюнча кагаз жүзүндөгү төлөм тапшырмасынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн Банктан алууга;

3.4.6. “Мобилдик банкинг” тиркемесин колдонуу процессинде каттоодон өткөрүлгөн мобилдик телефон номеринин же электрондук дарегинин өзгөргөндүгү тууралуу маалымдаган билдирме менен Банкка кайрылууга.

4. Тараптардын жоопкерчилиги

4.1. Тараптар ушул келишимдин чегинде алынган маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылууга милдеттенишет, ошондой эле бири-бирине сунуштаган маалыматтардын тактыгына жооп беришет.

4.2. Тараптар ушул келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбай койгондугу жана талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн келишимде, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тиртипте жоопкерчилик тартышат.

4.3. Тараптар күтүүсүз келип чыккан жагдайлардын: өрттүн чыгышы, жердин силкиниши, электр энергиясынын үзгүлтүккө учурашы, байланыш каналдарынын бузулуп калышы жана алардын контролдугуна алынбаган башка жагдайлардын кесепетинен алган милдеттенмелеринин бөлүгүн же алардын толугу менен аткарылбай калышы үчүн жоопкерчилик тартышпайт.

4.4. *Банк төмөнкүлөр боюнча жоопкерчиликтүү эмес:*

* Кардардын мобилдик телефонунун ар кандай вирустардан жана башка жагдайлардан улам иштебей калышы;

* үчүнчү тарап (провайдерлер ж.б.) тарабынан сунушталган мобилдик банкинг системасында тейленүүдө колдонуулган кызмат көрсөтүүлөр үчүн;
* системага санкциясыз кирүү жагдайы, алдамчылык операцияларына жол берүү, үчүнчү жактардын мобилдик банкингге кирүү мүмкүнчүлүгүн берген паролдорду бузуп кириши, үчүнчү жактар тарабынан интернет түйүнү аркылуу хакердик, вирустук чабуулдардын коюлушу, ошондой эле Банктын контролдугуна алынбаган же алынышы да мүмкүн болбогон жагдайлардан улам, системага кирүү аракеттери;
* Кардар тарабынан системага кирүү мүмкүнчүлүгүн берген коддорду жоготуп алгандыгы (уурдатып жибергендиги), туура эмес ишке ашырылган опирациялар, мобилдик банкинг, интернет банкинг системалары аркылуу Кардар эсебинен санкциясыз пайдалануу жагындагы алгылыксыз аракеттер, анын ичине Кардардан ушул келишимдин 3.3.5-пунктчасында белгиленген тартипте жөнөтүлгөн маалыматтардын банкка түшпөй калышы жагдайы үчүн;
* Кардардын толук эмес, туура эмес форматта жөнөтүлгөн буйрууларынын аткарылгандыгы үчүн;
* Кардар же болбосо анын ыйгарым укуктуу жактары тарабынан мобилдик мобилдик банкингге, интернет банкингге кирүү мүмкүнчүлүгүн берген коддордун кимдир бирөөгө айтылы/ачыкка чыгарылышы кесепетинен, ошондой эле алардын себептеринен көз карандсыз жоголуп кетиши же ыйгарым укусуз жактарга берилишинен улам келип чыккан финансылык же башка чыгымдар үчүн;
* Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка учурлар үчүн.

5. Башка шарттар

5.1. Ушул келишимдин талаптарын аткаруунун жүрүшүндө келип чыккан бардык талаш маселелер жана пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынууга тийиш. Эгерде талаш маселелер боюнча макулдашууга жетишилбесе, алар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык чечилиши зарыл.

5.2. Тараптар, талаш маселелерди соттук же соттук эмес тартипте чечүү үчүн мобилдик банкинг системасын колдонуу менен ишке ашырылган операциялар тууралуу электрондук түрдө жазылып алынган маалыматтар далил катары колдонула тургандыгына макул болушту/аны таанышты.

5.3. Системага кирүү мүмкүнчүлүгүн берген, ушул келишимде белгиленген тартипте Банкка келип түшкөн коддорго бөгөт коюу талабы Кардардан демилгеленген катары эсептелинет жана идентификациялоочу номерге

жана системага кирүү мүмкүнчүлүгүн берген коддорго бөгөт коюудан улам келип чыккан жагдайлар боюнча кине коюуларды Банк кабыл албайт

6. Корутунду жобо

6.1. Бул келишим, Кардар ушул документте (эрежелерде) каралган тартипте офертаны тастыктаган (акцептеген) учурдан тартып, түзүлгөн катары эсептелет жана мөөнөтү чектелбеген шартта колдонулат.